# Улуттук банктын ноталары
*(2013-жылдын январь айы үчүн)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Улуттук банктын ноталарынын январь айында өткөрүлгөн төрт аукционунда эмиссиянын жарыяланган көлөмү жалпысынан алганда, 3,9 млрд. сомду түзгөн, бул өткөн айдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 17,9 пайызга төмөн.

Кароого алынган ай ичинде суроо-талаптын орточо аукциондук көлөмү 19,7 пайызга көбөйүп, 889,6 млн. сом чегинде катталган. Сатуунун бардык көлөмүн жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталар түзгөн, алардын көпчүлүк бөлүгү сатуу түзүмүндө 81,7 пайыз жалпы үлүшү менен үч коммерциялык банктар тарабынан сатылып алынган. Январь айында сатуунун орточо аукциондук көлөмү[1] өткөн айдагы көрсөткүчкө караганда 47,7 пайызга жогорулоо менен 844,9 млн. сом чегинде калыптанган. Кароого алынган мезгил аралыгында эмитент тарабынан өткөрүлгөн аукциондордун көпчүлүгүндө ноталарга суроо-талап сунуш көлөмүнөн арткан, бул Улуттук банк тарабынан акча-кредит саясатынын максаттарына ылайык аукцион ичинде 1,0 млрд. сомго жогорулатылгандыганан улам жүргөн.

Улуттук банктын ноталарынын жалпы орточо алынган кирешелүүлүгү январь айында 0,3 пайыздык пунктка жогорулап, 3,1 пайызды түзгөн.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




Кароого алынган мезгил ичинде жүгүртүүдөгү ноталар көлөмү 3,7 млрд. сом деңгээлинде түптөлүү менен 10,8 пайызга жогорулаган. Юридикалык жактар-

[1] Бул көрсөткүч ай ичинде суроо-талап/сунуш көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, анткени ай ичинде өткөрүлгөн аукциондордун саны туруксуз чоңдук болуп саналат.

резиденттердин портфелинин салыштырма салмагынын 0,4 пайыздан 1,2 пайызга чейин бир эле учурда жогорулашынын алкагында, Улуттук банктын ноталарына негизги ээлик кылуучулардан болуп саналышкан коммерциялык банктардын үлүшү 0,4 пайыздык пунктка, 98,1 пайызга чейин төмөндөгөн. Институционалдык инвесторлордун үлүшү 1,0 пайыздан 0,7 пайызга чейин азайган. Жеке адамдар-резиденттер аукциондордо катышкан эмес.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.02.2012 | 2 209,5 | 1 666,1 | 75,4% | 88,0 | 4,0% | 10,3 | 0,5% | 445,1 | 20,1% |
| 01.03.2012 | 2 313,0 | 1 527,6 | 66,0% | 162,9 | 7,0% | 1,1 | 0,0% | 621,5 | 26,9% |
| 01.04.2012 | 2 113,8 | 1 507,0 | 71,3% | 237,3 | 11,2% | 2,4 | 0,1% | 367,1 | 17,4% |
| 01.05.2012 | 2 072,4 | 1 424,6 | 68,7% | 224,5 | 10,8% | 2,3 | 0,1% | 421,0 | 20,3% |
| 01.06.2012 | 2 196,2 | 1 471,2 | 67,0% | 129,2 | 5,9% | 4,8 | 0,2% | 591,0 | 26,9% |
| 01.07.2012 | 2 063,9 | 1 477,8 | 71,6% | 341,7 | 16,6% | - | 0,0% | 244,3 | 11,8% |
| 01.08.2012 | 1 950,0 | 1 646,8 | 84,5% | 171,5 | 8,8% | 2,0 | 0,1% | 129,7 | 6,7% |
| 01.09.2012 | 1 494,4 | 780,3 | 52,2% | 588,9 | 39,4% | 2,0 | 0,1% | 123,2 | 8,2% |
| 01.10.2012 | 1 775,4 | 1 492,2 | 84,0% | 218,4 | 12,3% | 2,0 | 0,1% | 62,8 | 3,5% |
| 01.11.2012 | 1 900,0 | 1 689,7 | 88,9% | 146,1 | 7,7% | 1,3 | 0,1% | 62,9 | 3,3% |
| 01.12.2012 | 1 900,0 | 1 640,0 | 86,3% | 139,0 | 7,3% | - | 0,0% | 121,0 | 6,4% |
| 01.01.2013 | 3 050,0 | 3 006,4 | 98,6% | 13,5 | 0,4% | - | 0,0% | 30,1 | 1,0% |
| 01.02.2013 | 3 379,5 | 3 316,9 | 98,1% | 40,6 | 1,2% | - | 0,0% | 22,0 | 0,7% |